КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ
КӨЛ-ТӨР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КОЛ-ТОРСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Көл-Төр айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги 15-сессиясы**

# ТОКТОМ

2023-жылдын 16-февралы №4 Көл-Төр айылы

## Айыл чарба багытындагы эмес жерлер үчүн зоналдык коэфицентти бекитүү жөнүндө

Мамлекеттик салык кызматынын Тоң району боюнча башкармалыгынын зоналдык коэфицентти карап берүү боюнча катын талкуулап, Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 404-беренесинин 4-пунктуна ылайык Көл-Төр айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Көл-Төр айыл аймагы климаттык шарты катаал, бийик тоолуу аймакта жайгашып, айыл тургундардын 99 пайызы мал чарбачылыгында эмгектенгендигин жана жер иштетүү көп киреше бербегендигин эске алуу менен айыл чарба багытындагы эмес жерлер үчүн зоналдык коэфицент 1,2 өлчөмүндө калтырылсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Көл-Төр айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Рыспай уулуна, көзөмөлдөө жагы пландоо, бюджет, экономика, соц маселелер, реформа боюнча туруктуу комитетине жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары** **А.Намазбекова**